# PLITONIT ГидроСтоп




**2 кг**

✓**Агып чыгууларды гидроизоляциялоо боюнча тез оңдоо иштери үчүн**
✓**1,5–10 мүнөттүн ичинде катат**
✓**Отурбайт**
✓**Суу өткөрбөөчүлүк белгиси W6**

PLITONIT Plitonit Deutsche Qualität

ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ

## Сырткы жана ички жумуштар үчүн цемент негизиндеги кургак, гидроизоляциялык, үстүртөн оңдоочу аралашма

Башка тилдеги нускаманы жүктөп алуу/
Download the manual in another language
kz | az | uz | tj | kg | tm | am | ge | mn

### Колдонуу тармагы

Бул каражат ички жана сырткы жумуштарды аткарууда бетон конструкциялардагы жаракалар, тешиктер, кеңдөйлөр жана тигиштер аркылуу суунун агып чыгышын алдын алууга арналган. Мисалы, бетондо пайда болгон тешик аркылуу жер астындагы суулардын киришинен жертөлөнү гидроизоляциялоо. Өндүрүм ичүүчү суу менен тийишүүгө МСЭК (Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл) органдарынын уруксатына ээ.

### Негизди даярдоо

**Бетон беттери.** Бузулган жерлерди конструкциянын ичине карай тереңдиги кеминде 30 мм жана туурасы кеминде 20 мм кылып кеңейтип ачып, суу менен жууш керек. Оңдолуучу бет бекем болушу керек, боёктордун бардык түрлөрүнөн, битумдук жабуулардан, сууда эриген заттардан тазаланган жана сыйрылып ажырап түшкөн катмарлар болбошу керек.

**Түтүктөр.** Оңдолуучу жердин айланасындагы түтүктү металл жалтырап чыкканга чейин тазалаңыз (кирден, чаңдан жана башка ушул сыяктуу нерселерден тазалаңыз). Жабыркаган жерди темир араа менен тереңдетип, жакшыраак жабышуусу үчүн 1 мм чейинки бир нече тайыз оюктарды жасоо сунушталат.

### Иштерди аткаруу тартиби

| | |
|---|---|
| ! | Катмарлап сүйкөө ыкмасы менен иш жүргүзүүдө нымдуу бетке жука катмарлар менен сүйкөлүүчү кургак аралашма колдонулат. |
| ! | Толтуруу ыкмасы менен иш жүргүзүүдө кургак аралашманы алдын ала ченелген суунун көлөмү менен аралаштырып алынган эпке келчү аралашма колдонулат. |
| ! | Аралашманын каткан мезгили: башталышы суу менен аралаштыргандан кийин 1,5 мүнөттөн эрте эмес, аягы 10 мүнөттөн кечиктирбестен болушу керек. |
| ! | **Катмарлап сүйкөө ыкмасы жабыркаган жерди кеңейтүү мүмкүн болбогон учурларда, мисалы, негиздин калыңдыгы аз болгондо же негиздин суу өткөргүч аймагында иштөөдө колдонулат. Аралашма шпатель же башка ыңгайлуу шайман менен катуу басып, катмарлап сүйкөлөт. Бир катмардын калыңдыгы 2 ммге чейин. Кийинки катмар мурунку катмардын нымдуулугун сактап турган учурда сүйкөлөт; бул иш-аракет суу агымы толук токтотулганга чейин кайталанат.** |
| ! | **Эгерде аралашманы жабыркаган аймактын толук тереңдигине салуу мүмкүн болсо, толтуруу ыкмасы калган бардык учурларда колдонулат, мында алдын ала даярдалган камыр сымал тегерекчелер менен толтурулат. Катып бүткөнгө чейин аралашма агып кетпеши же сыртка чыгып кетпеши үчүн, басып туруу керек.** |

### Аралашманы даярдоо

**Кургак аралашманы даярдоо үчүн ичүүчү суу түтүгүнөн алынган сууну колдонуу керек. Аралаштыруу катышы: 1 кг кургак аралашмага 0,17-0,19 л суу талап кылынат.**

| | |
|---|---|
| 1 | Кургак аралашманы аралаштыруу үчүн бөлмө температурасындагы суунун керектүү көлөмүн өлчөңүз |
| 2 | Кургак аралашманы алдын ала өлчөнгөн суунун өлчөмүнө кошуңуз |
| 3 | Кургак аралашманы электр миксери же насадкасы бар электр бургу менен 2–3 мүнөт аралыгында бир тектүү масса алынганга чейин аралаштырыңыз* |
| ! | **Кайра аралаштырууга талап кылынбайт** |

* айлануу жыштыгы 600 мүн/айл көп эмес

### Андан ары колдонуу

Жабыркаган аймактагы суунун агымын токтотуу үчүн тешик бургулап, ага полиэтилен дренаждык түтүгүн киргизүү сунушталат. Жабыркаган аймакты оңдоп бүткөндөн кийин 10 мүнөт өткөндөн кийин дренаждык түтүктү сууруп алып, жыгач тыгынды беттен кеминде 30 мм тереңдикке чейин кагып, аны аралашма менен толтуруу ыкмасы аркылуу бекитүү керек. Бет тез кургап кетип жатса, алгачкы сутканын ичинде аны нымдап туруу керек. Каптаманын биринчи катмарынын бетинде тал сымал ичке жаракалардын пайда болушуна жол берилет. Даяр болгон аралашмага кошумча суу кошууга тыюу салынат

### Техникалык мүнөздөмөлөрү

| | |
|---|---|
| **Кургак аралашма үчүн** | |
| 1 кг кургак аралашмага керектүү суу | 0,17-0,19 л |
| **Колдонууга даяр болгон аралашма үчүн** | |
| Аралашманын кыймылдуулугу | Пк3 |
| Аралашманын катуу мезгили<br>• башталышы<br>• аягы | 1,5 мүнөттөн эрте эмес<br>10 мүнөттөн кеч эмес |
| **Каткан абалдагы аралашма үчүн** | |
| Белгилүү убакыттагы кысууга болгон бекемдик<br>• 15 мүнөт<br>• 28 сутка | 2 МПа кем эмес<br>15 МПа кем эмес |
| Суу өткөрбөстүк белгиси (1 сутка ичинде) | W6 |
| Суукка туруктуулук белгиси | F25 |
| Байланышуу аймагынын суукка туруктуулугу (Fкз), кеминде | 25 |
| Табигый радионуклиддердин салыштырмалуу натыйжалуу активдүүлүгү | 370 Бк/кг көп эмес |

### Жумуш аткаруунун шарттары

Иш жүргүзүлүп жатканда аралашмасынын температурасы +10°Стан +30°Ска чейин болушу керек. Температуранын чек аралык маанилеринде катуу мезгили өзгөрүшү мүмкүн. Аралашманын температурасы +18°Стан +25°Ска чейин болгондо, 3 мүнөттүн ичинде катыйт.

### Көңүл буруңуз

Көрсөтүлгөн убакыт мүнөздөмөлөрү айлана-чөйрөнүн температурасы 20±2°С жана абанын салыштырмалуу нымдуулугу 60±10% болгон шартта жарактуу болуп саналат, ал эми башка температуралык жана нымдуулук шарттарында өзгөрүшү мүмкүн. Жумуштарды аткарууда жалпы курулуш иштерин жүргүзүү боюнча нускамаларга жана курулуштагы техникалык коопсуздук эрежелерине ылайык иш кылуу керек.

### Сактык чаралары

Мастика ГОСТ 12.1.007ге ылайык коопттуулуктун 4-классына көп коопту эмес заттарга) кирет.

**Жумуш учурунда кол каптарды, коргоочу көз айнектерди жана дем алуу органдарын коргоочу каражаттарды колдонуу керек.**

**Аралашма териге жана көзгө тийбеши керек. Көзгө тийип кетсе, дароо көп өлчөмдөгү суу менен жууп салыш керек жана доктурга кайрылуу зарыл**

**БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК!**

**Курамы**
Кум, портландцемент, өзгөртүүчү кошулмалар.

**Ташуу жана сактоо**
Аралашманы жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык жабык транспорт каражаттарында ташуу керек. Кургак аралашма салынган баштыктарды жабык, кургак таңгактын бүтүндүгү сакталган жана нымдан корголгон жайларда сактоо керек. Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү: даярдалган күндөн тартып 12 ай.

**Өндүрүүчүнүн кепилдиктери**
Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда аралашманын ГОСТ 31357 жана ТУ 5745-105-51552155-2014 талаптарына шайкештигине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Таза салмагынан ГОСТ 8.579-2001ге ылайык четтөөгө жол берилет. Өнүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилет (Аэфф < 370 Бк/кг; СанПиН 2.6.1.25.23-09 «Радиациялык коопсуздук нормалары (РКН 99/2009)» боюнча материалдардын I классы).

**КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮ КОЛДОО КЫЗМАТЫ**

8 (800) 555 - 71 - 67

www.plitonit.ru

e-mail: info@mc-bauchemie.ru